Кыргыз Республикасы
Жалал-Абад облусу
Сузак району
Кыз-Көл айыл аймагынын
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы
Т.Сатаров көчөсү 26
Эл.почта kyz-kol.gov.kg

Кыргызская Республика
Жалал-Абадская область
Сузакский район
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
Кыз-Кольского айылного аймака
Индекс 30262588 село Чымчык-Жар
Улица Т.Сатарова 26
Эл.почта kyz-kol.gov.kg

24-сентябрь 2026-жыл **Чымчык-Жар айылы**

Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз V сессиясынын

№ 2- токтому

Чымчык-Жар, Кашка-Терек айылдарынын башкы планын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-комуналдык чарба Министрлиги шаар куруу жана архитектура департаментинин 2026-жылдын 6-августундагы №01-4/7091 жана №01-4/7121 сандуу катын карап чыгып жана Чымчык-Жар, Кашка-Терек айылдарынын башкы планы менен таанышып, Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз V сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Чымчык-Жар жана Кашка-Терек айылдарынын башкы планынын долбоору алымча кошумчасы менен бекитилсин.

2. Тиешелүү документтерин мыйзамдуу жагын карап, даярдоо жагы Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы С.Абдурасуловго жана айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Орозалиевге милдеттендирилсин.

3. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын айылдык кеңешинин агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

Төрага **К.Кушбаков**